| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын IV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 10-марты №47 Кара-Коо айылы

**Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Комсомол айылындагы бир көчөгө Мааданбеков Омукенин ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик маанидеги объектерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби тууралуу" Жобонун негизинде жана Комсомол айылынын тургундарынын жалпы чогулушунун протоколу, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, социалдык маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиянын сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Комсомол айылындагы бир көчөгө Мааданбеков Омукенин ысымы ыйгарылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**